ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№08/24 протоколу

2025-ж. 23-апрель Жалал-Абад ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 7
Катышкандар: 7
Катышпагандар: 0

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

№	Каралуучу маселелер	Жооптуулар	Тиешелүү материалдар
1	Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча аткарылган иштердин маалыматы	Илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору
2	2025-2026-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысын дайындоо жөнүндө	Ректор	Билдирүү
3	Мониторингтин жыйынтыгы менен билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу жолдору жөнүндө	Окуу иштери боюнча проректор	Баяндама, токтом долбоору

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

Каралып жаткан маселелер боюнча маалымат берүү 5 мүнөттөн 10 мүнөткө чейин болсун деген регламент сунушталды. Регламентти бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен регламент бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча 2024-2025 окуу жылында Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча аткарылган иштердин маалыматын Илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор т.и.к., доцент З.А.Асилова берди: – “Саламатсыздарбы, урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү! 2024-2025-окуу жылында Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча аткарылган иштердин маалыматы эки бөлүктөн турган төмөнкү иштер аткарылды:

1. Мамлекеттик тил боюнча
   - 23-сентябрь кыргыз тили күнүнө карата жамаатык видео ролик даярдалып социалдык тармактарга жарыяланды;
   - 21-февралда эне тил күнүнө карата кыргыз тили мугалими Н.А. Курбанова тарабынан студенттер менен биргеликте видеоролик даярдалган. Анда студенттер

кыргыз тилинде ыр айтышып, кыргыз улуттук кийим кийишип каада салт, кыргыздын үрп адаттары менен таанышышкан.
- студенттерге кыргыз жана орус тилдери боюнча кошумча курстар уюштурулган.
- кураторлор менен кыргыз тил мугалими биргеликте кыргыз тилин студенттердин арасында пропагандалоо иштери жүрүп жатат.

2. Социалдык иштер боюнча
   - ар бир группага куратор дайындалып, жыл ичинде аткарыла турган иштеринин планы түзүлгөн.
   - ФОМСка төлөмүн төлөгөн студенттер медициналык кароодон өтүшкөн;
   - планда көрсөтүлгөн бардык иш чаралар аткарылууда;
   - спорттук иш чаралар планга ылайык аткарылууда;
   - студенттердин ичинде лидер (староста) дайындалган, бардык иш чаралар медициналык факультеттин деканы тарабынан көзөмөлдөнүп ишке ашырылууда;
   - 22-апрель күнү студенттердин демилгеси менен бардык жатаканалардын айлана тегерегинде, окуу корпусунун айланасында субботник өткөрүлдү;
   - студенттер коомдук иш чарага активдүү катышышууда;
   - коррупцияга каршы иштер боюнча Жалал-Абад шаарынын ички иштер бөлүмүнүн кызматкерлери менен жолугушуу өткөрүлдү.;
   - терроризмге каршы шаардык казыяттын, ички иштер органдарынын кызматкердлери менен биргеликте иш чара уюштурулду.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

2024-2025-окуу жылы үчүн Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча аткарылган иштердин маалыматы эске алынсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча 2025-2026-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысын дайындоо жөнүндө ректор, ф.-м.и.к., доцент М.Р. Нарбаев сүйлөдү: –

“Урматтуу кесиптештер экинчи маселе боюнча 2025-2026-окуу жылы үчүн кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына окуу иштери боюнча проректор Н.А. Садырованы сунуш кылам. Себеби биз жаңы ачылган окуу жай болгондуктан бардык иштерибиз акырындап жолго коюлуп келе жатат. Ошол иштердин катарында 2024-2025-окуу жылынын кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы караты Нургуль Адбылгазиевна бир топ иштерди жоопкерчилик менен аткарды жана жолго койду. КР ББжИМ тарабынан бир эле адамды эки жолу катар жооптуу катчы орунуна дайындоодо тоскооллдук жок болгонуна байланыштуу ушул кандидатураны сунуштайм.”

Сөзгө чыккандар:

1. Медицина факультетинин деканы Ш.М. Астанов: – “Эң туура чечим, себеби Нургуль Адылгазиевна министирликтен киргизилген бардык жаңы талаптар менен тааныш жана кабыл алуу комиссиясынын иштерин өз деңгээлинде алып барат. Колдойм жана сунуштайм.”

Токтом долбоору:

2025-2026-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысына ЖАЭУнун окуу иштери боюнча проректору м.и.к., доцент Садырова Нургуль Адылгазиевна дайындалсын.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор Н.А.Садырова Мониторингтин жыйынтыгы менен билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу жолдору жөнүндө баяндама жасады: – “Урматтуу кесиптештер, университеттин академиялык репутациясын жогорулатуу максатында тынымсыз мониторинг жүргүзүп, жана анализдин жыйынтыгы менен билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуубуз абзел.

Биринчи окуу жылы болгондуктан калдыктуу билимге (остаточные знания) тест алууга мүмкүнчүлүк болгон жок. Жаңы окуу жылынан баштап баалоонун бул ыкмасын ишке ашырабыз.

Быйылкы жылы иш берүүчүлөр менен тыгыз иш алып барылып, алардын сунуштары кабыл алынды. Окутуучулардын билимин өркүндөтүү максатында бир жыл ичинде бир топ семинарларга катышканы жакшы жагдай катары билинди.”

Токтом долбоору:

а) Мониторингтин жыйынтыгы менен билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу жолдору жөнүндөгү маалымат эске алынсын.

б) Билим берүү программаларын сапатын жогорулатуу үстүндө иштер жүргүзүлсүн.

Токтом долбоору добушка коюлду жана бир добуштан кабыл алынды.

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. 2024-2025-окуу жылы үчүн Мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча аткарылган иштердин маалыматы эске алынсын;
2. 2025-2026-окуу жылына карата кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы болуп ЖАЭУнун окуу иштери боюнча проректору м.и.к., доцент Садырова Нургуль Адылгазиевна дайындалсын.
3. а) Мониторингтин жыйынтыгы менен билим берүү программаларынын сапатын жогорулатуу жолдору жөнүндөгү маалымат эске алынсын;
   б) Билим берүү программаларын сапатын жогорулатуу үстүндө иштер жүргүзүлсүн.

Көчүрмөсү анык
ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.